**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**БЕКИТЕМИН**

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**________________________________**

**Буйруктун №**

____________________

**«____»________________________**

**Рег. № ________________________**

ДАЯРДОО БАГЫТЫ БОЮНЧА

**ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ**

**571100 Телевидение**

(даярдоо багытынын коду жана аты көрсөтүлөт)

**Квалификациясы- магистр**

**Бишкек - 2021**

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

**1.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн 571100 «Телевидение» багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан “Билим берүү тууралуу” мыйзамынын жана башка Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген КРнын билим берүү тармагына тийиштүү укуктук нормаларынын негизинде иштелип чыкты.

Бул Мамлекеттик билим берүү стандартын менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан бардык магистрлерди даярдоо боюнча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырган ЖОЖдор аткарууга милдеттүү.

**1.2**. Терминдер, аныктамалар, түшүндүрмөлөр, кыскартуулар.

Ушул Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын тармагы жана Кыргыз Республикасы тарабынан белгиленген тартипте кабыл алынган жогорку кесиптик билим берүүжаатындагы эл аралык документтерге ылайык терминдер жана аныктамалар пайдаланылат:

**- негизги билим берүү программасы** – максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;

**- даярдоонун багыты –** ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу жалпы даярдоо негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;

**- профиль –**негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объекти;

**- компетенция** – окуучунун аныкталган бир чөйрөдө майнаптуу жана жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билими жагынан даярдоого карата алдын ала коюлган социалдык талап (ченем);

**- бакалавр** – магистратурага кирүүгө жана кесиптик иш менен алектенүүгө укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификациялык деңгээли;

**- магистр** – аспирантурага жана (же) базалык докторантурага (Ph/профили боюнча) жана кесиптик иш менен алектенүүгө укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификациялык деңгээли;

**- кредит (зачеттук бирдик)** – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;

**- окуунун натыйжалары –** негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;

–**теңдөөчү курстар** - тиешелүү багыт (адистик) боюнча базалык билими жок студент-магистрант тарабынан биринчи окуу жылында базалык кесиптик билим алуу жана багыттар боюнча магистрлерди даярдоонун негизги билим берүүчү программаларын өздөштүрүүгө талап кылынган компетенцияларга ээ болуу үчүн өздөштүрүүлүчү дисциплина;

**- жалпы илимий компетенциялар** – кесиптик иштин бардык түрлөрү (же көпчүлүгү) үчүн жалпы болуп саналган мүнөздөмөлөрдү билдирет: окуу, талдоо жана синтез кылуу ж.б. жөндөмдүүлүк;

**- инструменттик компетенция –** когнитивдик жөндөмдү, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана пайдалана билүү жөндөмдөрүн камтыйт; методологиялык жөндөм, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, билим алуунун стратегияларын түзүү, чечимдерди кабыл алуу жана проблемаларды чече билүү жөндөмү; технологиялык

жөндөм, техниканы пайдалана билүүгө, компьютерди билүүгө жана маалыматтык башкарууга байланышкан жөндөмдөр, коммуникациялык компетенция;
- **социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар** – ой-сезимдерин жана мамилесин билдирүүгө, сын көз менен ой жүгүртүүгө жана өзүнө баа бере билүүгө байланышкан жеке сапаттар, ошондой эле социалдык өз ара байланыш жана кызматташуу процесстерине, топтор менен иштеше билүүгө, социалдык жана этикалык милдеттенмелерди кабыл алууга байланышкан жөндөмдөр;
- **кесиптик стандарт** –кесиптик иштин конкреттүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсыл уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык деңгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

**1.3.** Берилген Мамлекеттик билим берүүнүн стандартында кийинки кыскартуулар колдонулат:

**МББС –** Мамлекеттик билим берүүнүн стандарты
**ЖКББ**– жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП**–негизги билим берүү программасы;
**ОМУ –** окуу-методикалык уюмдар;
**НББП ЦД**– негизги билим берүү программасындагы дисциплиналардын циклы;
**ЖИК –** жалпы илимий компетенциялар**;**
**ИК -** инструменталдык компетенциялар**;**
**КК -** кесиптик компетенциялар;
**СИЖМК** - социалдык-жекелик жана жалпы маданий компетенциялар.

## 1. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

**2.1.** Ушул Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты(ГОС ВПО) 571100 “Телевидение” магистрлерди даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын туюндурат жана окутуу, уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын аймагында магистрлерди даярдоонун тийиштүү багыты боюнча лицензиясы бар менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан бардык жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын (мындан ары – ЖОЖдор) жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет;

**2.2.** 571100 “Телевидение” даярдоо багытында магистратуранын жогорку билим берүү программалары боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартын негизги колдонуучулар болуп:

- бул багыт жана даярдоо деңгээли боюнча илимге, техникага жана социалдык чөйрөгө жетишүүнү эске алуу менен өздөрүнүн ЖОЖдорунда негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу, натыйжалуу реализациялоо жана жаңыртуу боюнча жоопту администрация жана ЖОЖдун илимий-педагогикалык (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер) курамы;
- берилген багыт боюнча даярдоодо ЖОЖдун негизги билим берүү программасын өздөштүрүүдөгү студенттин өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн жоопкерчиликтүү жана натыйжалуу пайдаланышы;
- профессионалдык ишмердүүлүктүн берилген сферасында адистер менен жумуш берүүчүлөрдү бириктирүү;
- КРдин билим берүү тармагындагы аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органдын талабы боюнча негизги билим берүү программасын камсыздаган окуу-методикалык биримдиктер жана кеңештер;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каражат жагынан камсыздаган аткаруу

бийлигинин мамлекеттик органы;

- аткаруу бийлигинин жогорку билим берүү системасында көзөмөл жүргүзүүгө милдеттеме алган мамлекеттик орган профессионалдуу билим берүү сферасынын сапатына көзөмөл жүргүзөт;

- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу агенттиктер.

**2.3. Абитуриенттин даярдык деңгээлине коюлган талаптар.**

2.3.1. “Магистр” квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билимге ээ болгусу келген абитуриенттин – “бакалавр” квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билимге ээ болусу же “адис” квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билимге ээ болуусу керек.

2.3.2. Абитуриенттин “бакалавр” квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билими же “адис” квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документи болушу керек.

## 3.ДАЯРДОО БАГЫТЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗҮ

3.1. Кыргыз Республикасынын билим берүү программасында 571100 «Телевидение» багытында даярдоо төмөндөгүдөй жүргүзүлөт:

Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы

ЖКББ НББП (ООП ВПО) бакалаврды даярдоо боюнча;

ЖКББ НББП (ООП ВПО) магистрди даярдоо.

ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө магистрды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толук өздөштүргөн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны коюлган талапка ылайык ийгиликтүү өткөндөргө жогорку билимди күбөлөндүргөн диплом, “магистр” квалификациясы менен бирге берилет.

ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толук өздөштүргөн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан коюлган талапка ылайык ийгиликтүү өткөндөргө жогорку билимди күбөлөндүргөн диплом, “магистр” квалификациясы менен бирге берилет.

Магистрлерди даярдоо багытынын алкагында ЖКББ НББПнын профилдери ЖОЖ тарабынан квалификациянын (эгер болсо) тармактык/сектордук алкактарынын негизинде аныкталат.

3.2.Жалпы орто же кесиптик орто билимдин базасында күндүзгү окутуу формасында 571100 «Телевидение» багыттар боюнча магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 6 жылдан кем эмес убакытты түзөт, “бакалавр” академиялык даражасы ыйгарылган жогорку кесиптик билим берүү базасында – 2 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Окутуунун күндүзгү-сырткы (кечки) жана сырткы формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар кандай формалары айкалыштырылган учурларда “бакалавр” академиялык даражасы ыйгарылган жогорку кесиптик билим берүү базасында магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүү мөөнөттөрү ЖОЖ тарабынан күндүгү окутуу формасында белгиленген ченемдик мөөнөткө карата жарым жылга чейин көбөйтүлөт.

“Адис” квалификациясын ыйгаруу менен толук жогорку кесиптик билим берүү базасында магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүү мөөнөттөрү бир жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Магистрди даярдоонун ар башка багыттары жана адистиктери боюнча жогорку кесиптик билими бар абитуриенттер үчүн билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтү тиешелүү багыттагы магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПнын базалык кесиптик билимдерин жана компетенцияларын түзүүчү **теңдөөчү курстарды** өздөштүрүүнүн эсебинен көбөйтүлөт.

Билим алуунун формасына карабастан жеке окуу планы боюнча окутууда окуунун мөөнөтүн ЖОЖ өз алдынча аныктайт.

Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды жеке окуу планы боюнча

окутууда ЖОЖ мөөнөттүү билим алуунун тийиштүү формасы боюнча аныкталган убакытка салыштырмалуу узартууга укуктуу.

Магистрлерди даярдоо багыты боюнча ЖКББ НББПны өздөртүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.

3.3. Жалпы орто же орто кесиптик билимдин базасында күндүгү окуу формасында магистрлерди даярдоодогу НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 360тан кем эмес кредитти түзөт жана “бакалавр” квалификациясын ыйгаруу менен тастыкталган жогорку кесиптик билимдин базасында 120дан кем эмес кредитти түзөт.

Күндүзгү окуу формасы боюнча оку жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредитке барабар.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп курулган учурда).

Бир кредит студенттин окуу ишинин 30 саатына эквиваленттүү (анын ичинде анын аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү).

Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу жана сырттан окуу формалары боюнчаНББПнын, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан учурдагы эмгек сыйымдуулугу окуу жылында 48ден кем эмес кредитти түзөт. Окуунун акыркы жылындагы эмгек сыйымдуулугу НББПнын жалпы эмгек сыйымдуулугун камсыз кылуу зарылчылыгын эске алуу менен аныкталат.

**3.4. 571100 «Телевидение» багытындагы магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПнын максаттары.**

3.4.1. Кадрларды даярдоо жаатында 571100 "Телевидение" багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн максаты - массалык маалымат жана коммуникация чөйрөсүндө, ошондой эле илимий-изилдөө жана окутуучулук ишмердигинде инновациялык кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө жөндөмдүү жана эмгек рыногунун суроо-талаптарына жооп берген ийкемдүүлүктү, мобилдүүлүктү жана туруктуулукту камсыз кыла алган универсалдуу жана кесиптик компетенттүүлүккө ээ магистрлерди даярдоо.

3.4.2. 571100 «Телевидение» багытындагы магистрлерди даярдоонун ЖКББ НББПнын максаты – болочок адистин жеке инсан катары калыптанышында гуманисттик, жогорку моралдык этикалык стандарттарга негизделген жалпы маданий баалуулук багыттарын өнүктүрүүнү; чыгармачылыкты, баарлашууну, жоопкерчилик сезимин, социалдык адаптациялоо жөндөмүн жана өзүн-өзү аңдап-билүү жөндөмүн, демилгелүүлүктү, кесиптик ишмердүүлүктөгү максаттуулукту, толеранттуулукту өнүктүрүү, жалпы маданиятын жогорулатууну ж.б. көздөйт

**3.5. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү.**

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсүн даярдоо багыты боюнча төмөнкүлөрдү камтыйт:

• Билим берүү жана илим чөйрөсү (жогорку билим берүү, кошумча билим берүү, илимий изилдөө);

• Маалымат жана медиа коммуникация: жалпыга маалымдоо каражаттары, басма жана полиграфия тармагы (мультимедия, басма, телекөрсөтүү жана радио уктуруу каражаттары);

• маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (маалыматтык кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү иш-чаралар, медиа өндүрүмдөрүн сатуу тармактары, басма сөз басылмалары, телекөрсөтүү жана радио программалары, интернет-ресурстарды жайылтуу тармактары).

Бүтүрүүчүлөрдүн билиминин жана алынган компетенцияларынын деңгээли кызматкердин квалификациясынын талаптарына ылайык келген шартта алар кесиптик иштин башка тармактарында жана (же) чөйрөлөрүндө кесиптик ишти жүзөгө ашыра алат.

**3.6. Бүтүрүүчүлөрдүн профессионалдык ишмердүүлүгүнүн объектилери.**

571100 «Телевидение» багытында даярдалган бүтүрүүчүлөрдүн объектилери болуп:

түрдүү ММК аркылуу аудиториянын түрдүү группаларына багытталган массалык маалыматтар:

- ар кандай аудиториялык топторго багытталган техникалык каражаттарды колдонуу менен массалык түрдө жайылтууга арналган текст, аудио жана видео компоненттерин камтыган мультимедиялык объекттер катары телеберүүлөрдүн ар кандай түрлөрү (телеберүүлөр жана телеберүү фильмдери);

- телеберүү заманбап массалык байланыштын өзгөчө түрү катары;

-спецификалык телекөрсөтүү технологиялары жана искусство түрү катары телекөрсөтүүнүн көркөм каражаттарынын системасы, интернет булактары;

-илимий маалымат, студенттер, окуу процесси, билим берүү жана санарип технологиялар.

**3.7. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:**

• автордук ишмердүүлүк;
• редакциялык ишмердүүлүк;
• долбоорлоо жана аналитикалык иштер;
• уюштуруу жана башкаруу ишмердүүлүгү;
• өндүрүштүк жана технологиялык иштер;
• педагогикалык иш -чаралар;
• изилдөө.

Бүтүрүүчү негизинен даярданып жаткан кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрлөрү университет тарабынан тиешелүү кесиптик стандарттын (эгер бар болсо) негизинде же кызыккан жумуш берүүчүлөр менен биргеликте иштелип чыккан билим берүү программасынын мазмунун аныкташы керек.

**3.8. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери**

571100 "Телевидение" даярдоо багытында магистратуранын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

**автордун ишмердүүлүгү:**

• медиа мейкиндикте жана телекөрсөтүү тармагындагы тенденцияларды эске алуу менен татаалдыгы жогорулаган форматтарда жана жанрларда медиа контентти түзүү;

редакциялык ишмердүүлүк:

• телекөрсөтүү, онлайн медиа жана башка экрандуу маалымат каражаттарында жайгаштыруу үчүн арналган материалдарды редакциялоо, абстракциялоо, экрандын медиа түрлөрүндө кабыл алынган тил нормаларына, кесиптик стандарттарга, форматтарга, стилдерге, технологиялык талаптарга ылайык;

• телеканалдын концепциясын иштеп чыгуу, материал / чыгарма жана аппарат боюнча адабий -аналитикалык иштерди жүргүзүү, авторлор, телекөрсөтүү тармагынын кызматкерлери менен чыгармачылык байланышты сактоо;

• телеберүүлөрдү пландаштыруу, темаларды аныктоо, теледолбоорлорду, телефильмдерди каржылоону пландаштыруу, медиа өндүрүш үчүн контент түзүү процессин координациялоо;

**дизайн жана аналитикалык иш -чаралар:**

• медиа -долбоордун концепциясын иштеп чыгуу жана тууралоо, телеканалдардын жана башка экрандын жалпыга маалымдоо каражаттарынын өнүгүү стратегиясына ылайык программалоонун жана пландаштыруунун ар кандай түрлөрүндө анын форматын талдоо жана аныктоо;

• медиа тексттерди, медиа продуктыларды, байланыш продуктыларын талдоо жана баалоо, пикирди даярдоо;

• социалдык жоопкерчилик принциптерине негизделген коомдун муктаждыктарын, аудиториянын кызыкчылыктарын эске алуу менен медиа -долбоорду иштеп чыгуу, илгерилетүү жана ишке ашыруу;

**- маалыматтык -аналитикалык иштер:**

• татаалдыгы жогорулаган форматтарда жана жанрларда медиа контентти даярдоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултууну, талдоону, жалпылоону ишке ашыруу;
• медиа дизайн жана медиа моделдөө процессинде аналитикалык негиздөөнү иштеп чыгуу;
• жөнгө салуунун этикалык жана укуктук ченемдерин эске алуу менен иштөөнүн социалдык, саясий, экономикалык механизмдерин эске алуу менен медиа байланыш системасынын өнүгүү тенденцияларын талдоо, медиа чөйрөдөгү эффекттерди баалоо жана болжолдоо;

**- уюштуруучулук жана башкаруу ишмердүүлүгү:**

• экрандын медиасын, медиа долбоорлорду өнүктүрүү стратегиясына ылайык уюштуруучулук жана башкаруучулук функцияларды аткаруу;
• медиа -долбоорлорду түзүү жана илгерилетүү боюнча команданын / командалардын ишин пландаштыруу жана башкаруу;
• күтүүсүз кырдаалдарда чечим кабыл алуу, стратегиялык топтун индикаторлорун баалоо;

**- өндүрүштүк жана технологиялык иштер:**

• инновациялык ыкмаларды колдонуу менен медиа -долбоорду түзүү процесстерин башкаруу жана трансформациялоо;
• медиа өндүрүш процессине заманбап техникалык каражаттарды жана санариптик технологияларды тандоо жана киргизүү;
• медиа чөйрөсүндөгү, медиа -индустриядагы иштин параметрлерин аныктоочу ченемдик документтерди эске алуу менен медиа продуктуларды өндүрүүнү моделдөө жана уюштуруу;

**- изилдөө иштери:**

• өз алдынча иштелип чыккан же ылайыкташтырылган методологияга жана методологияга негизделген массалык маалымат каражаттарынын иштешинин ар кандай аспектилерин, массалык байланыштын башка түрлөрүн илимий изилдөө жүргүзүү;
• долбоордук кырдаалдарды изилдөө стратегияларын жана методдорун, жаңы идеяларды табуу ыкмаларын, проблемалардын структурасын изилдөө методдорун тандоо;

**- педагогикалык ишмердүүлүк:**

• окутуунун жана медиа билим берүүнүн бул тармагына байланышкан окуу жана окуу - методикалык иштерди жүзөгө ашыруу;
• СЭСтин, билим берүү программаларынын жана жекече билим берүү траекторияларынын, илимий, техникалык жана илимий-методикалык адабияттарды, ошондой эле менчик изилдөө жыйынтыктарын изилдөөгө негизделген окуу дисциплиналарынын жана курстарынын долбоорлору;
• устаттардын жаш өзгөчөлүгүн жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кесиптик жана моралдык сапаттарды жана мамилелерди калыптандыруу.

**4. НББПны ишке ашыруу шарттарынын жалпы талаптары**

4.1. НББПны ишке ашыруудагы окуу жайдын укуктарына жана милдеттерине болгон жалпы талаптар.

4.1.1. ЖОЖдор даярдоонун багыты боюнча НББПны өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат жана ЖОЖдун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

Окуу жайлар 5 жылда бир жолудан кем эмес илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын, социалдык чөйрөнүн өнүгүшүно жараша НББПны жаңыланып турушу керек, окуу жайдагы билимдин сапатын бекемдеген төмөндөгүдөй рекомендацияларды кармашы керек:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияны иштеп чыгууда;
- мониторингде, билим берүү программаларын периодикалык рецензиялоодо;
- объективдүү процедураларды иштеп чыгууда студенттин билим деңгээлин жана

жөндөмүн баалоодо, так макулдашылган критерийлердин негизинде бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясын аныктоодо;

- окутуучулар курамынын сапаттулугун жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууда;

- ишке аша турган бардык билим берүү программаларын жетиштүү ресуртар менен камсыз кылып, анын натыйжалуулугун жана колдонулушун көзөмөлдөө, анын ичинде окуп жаткандарды сурамжылоо жолун да колдонууда;

- өз ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүп башка билим берүү мекемелери менен салыштыруу;

- коомчулукту өз ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы, алдыдагы пландары жана инновациялар менен маалымдоо.

4.1.2. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Баалоочу каражаттардын базасы ЖОЖ тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациялоого, бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө коюлуучу талаптар ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобону эске алуу менен аныкталат.

4.1.3. НББПны даярдоодо бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-жеке компетенцияларын түзүүдөгү окуу жайдын мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо зарыл (мисалы, социалдык өз ара аракеттешүү, өз ара уюмдашуу жана өзүн өзү башкаруу, системалык-ишмердик мүнөзүндөгү). Окуу жай социо-маданий чөйрөнү, инсандын ар тараптан өнүгүшүнө шарттарды түзүп берүүгө милдеттүү.

Окуу жай окуу процессинин социалдык-тарбиялоо компонентинин өнүгүшүнө дагы шарт түзүп бериши керек, алардын ичине студенттик өз ара башкаруу, студенттердин ар кандай коомдук иш чараларга, спорттук, чыгармачылык клубдарга, илимий иш чараларга катышуусу кирет.

4.1.4. ЖОЖдун НББПсы студенттин тандоосу боюнча дисциплиналарды камтышы керек. Студенттин тандоосу боюнча дисциплиналарды калыптандыруу тартибин ЖОЖдун Окумуштуулар кеңеши бекитет.

4.1.5. Окуу жай студенттердин окуу программасын түзүүгө өздөрүн катыштырууга реалдуу мүмкүнчүлүк түзүп берүүгө милдеттүү.

4.1.6. Окуу жай студенттерге алардын НББПны түзүүдөгү укуктары жана милдеттери менен тааныштыруусу зарыл. Аны менен бирге тандап алынган дисциплиналардын сөзсүз түрдө окууга милдеттүү экенин, жана ал сабактын көлөмү башкалардан кем болбошу керектигин түшүндүрүп бериши керек.

4.2. НББПны ишке ашыруудагы студенттердин укуктарына жана милдеттерине болгон жалпы талаптар.

4.2.1. Студенттер алар тарабынан тандалган окуу дисциплинасын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү дисциплинаны тандоо укугуна ээ.

4.2.2. Студент өзүнүн жеке билим алуу траекториясын калыптандырууда ЖОЖдон тандап алган дисциплинасы боюнча жана анын келечек даярдоо профилине (адистешүүсүнө) таасири тууралуу консультация алуу укугуна ээ.

4.2.3. СЛКны өнүктүрүү бөлүгүндөгү НББПны өздөштүрүүдө жыйынтыктарга жетишүү максатында студенттер студенттик өзүн өзү башкарууну өркүндөтүүгө, коомдук уюмдардын иштерине, спорттук жана чыгармачыл клубдарга, илимий студенттик коомдорго катышууга милдеттүү.

4.2.4. Студенттер ЖОЖдун НББПсы тарабынан каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

4.3. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү аудиториялык жана аудиториядан сырткары (өз алдынча) бардык окуу иштерин кошкондо жумасына 45 саатты түзөт.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу формасындагы көлөмү ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын спецификасын эсепке алуу менен мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык аныкталат жана арбир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдөн 25тен кем эмес пайызды түзөт.

4.4. Күндүзгү-сырттан (кечки) окутуу формасында, аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек

4.5. Сырттан окутуу формасында студентке жылына 160 сааттан кем эмес көлөмүндө окутуучу менен сабактар камсыз болушу зарыл.

4.6. Окуу жылындагы каникул убактысынын жалпы көлөмү кеминде 7 жуманы, анын ичинде кышкы аралыкта эки жумадан кем эмес каникулду жана дипломдон кийинки 4 жумалык каникулду түзүшү керек.

**НББП магистрлерди даярдоо талаптар**

5.1. Магистрлерди даярдоо үчүн НББПни өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына талаптар. Негизги билим берүү программасынын максаттарына жана параграфтарда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык "магистр" квалификациясын берүү менен окуу жаатындагы бүтүрүүчү. Бул ЖКББнин 3.4 жана 3.8, төмөнкү компетенцияларга ээ болууга тийиш:

**А) УНИВЕРСАЛДЫК:**

**- жалпы илимий (ЖИК):**

ЖИК-1. Жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарын өнүктүрүүгө, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылууга, идеологиялык, социалдык жана жеке маанилүү көйгөйлөрдү дисциплиналар аралык жана инновациялык мамилелердин негизинде чечүүгө багытталган стратегиялык милдеттерди талдай жана чече алат.

**- инструменталдык (ИК):**

ИК-1. Чет тилдердин биринде адистештирилген жана чектеш тармактардын деңгээлинде кесипкөй талкууларды жүргүзө алат;

ИК-2. Инновациялык жана илимий ишмердүүлүктө колдонуу үчүн маалыматтык технологияларды жана көлөмдүү маалыматтарды колдонуу менен жаңы билимди жаратууга жөндөмдүү;

**- социалдык-жеке жана жалпы маданий (СИЖМК):**

СИЖМК-1.Максатка жетүү үчүн эксперттик/кесиптик топтордун/уюмдардын ишин уюштура алат.

**б) кесипкөй (КК)**:

автордун ишмердүүлүгү:

КК-1. Массалык коммуникациянын заманбап түшүнүктөрүн жана журналистика теориясынын жоболорун билүүгө негизделген профессионалдык ишмердүүлүктү жүргүзө алат, коомдук байланыштын эң маанилүү институту жана каражаты катары телекөрсөтүүнүн функцияларынын диапазонун түшүнөт, аудиториянын ролу массалык маалыматты керектөө жана өндүрүү процессинде;

КК –2. Жаңы технологияларды телекөрсөтүү жана башка экрандагы массалык маалымат каражаттарынын өзгөчөлүктөрүн жана заманбап экран маданиятынын практикасын эске алуу менен коомдук турмуштагы драмалык окуяларды ачып берүү үчүн тележурналистика чөйрөсүндө инструмент катары колдоно билүү;

КК - 3. Тиешелүү көркөм жана ар кандай жанрларды терең түшүнүүгө негизделген телекөрсөтүү жана телекөрсөтүү авторлорунун (кино тобунун) курамында татаалдыгы жогорулаган форматтарда жана жанрларда журналисттик автордук медиа контентти түзө алат. техникалык каражаттар.

редакциялык ишмердүүлүк:

КК-4. Системалуу мамилеге негизделген көйгөйлүү кырдаалдарга критикалык анализ жүргүзө алат, телекөрсөтүүнүн жана башка экрандын жалпыга маалымдоо каражаттарынын технологиялык талаптарына ылайык комплекстүү иш -чараларды иштеп чыга алат, мультимедиялык маалымат продуктуларын чыгаруу көндүмдөрүн колдонот; заманбап медиа технологияларга негизделген WEB үчүн сүрөттөрдү түзөтөт, оптималдаштырат жана фрагментациялайт.
КК-5. Тилдик нормаларга, кесиптик стандарттарга, форматтарга, стилдерге, экрандын ар кандай типтеринде кабыл алынган технологиялык талаптарга ылайык телекөрсөтүү жана башка экрандык маалымат каражаттарына жайгаштыруу үчүн арналган материалдарды түзөтүүгө, жалпылоого жөндөмдүү;
КК-6. Телеканалдарды өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жөндөмдүү, телеберүүлөр жана тасмалар үчүн маалыматтардын мазмуну жана формасы; Темаларды жана программаларды пландап, каржылоо ресурстарын пландап жана тарта алат, медиа контентти түзүү жана сатуу процессин башкара алат;
КК-7. Авторлор, телекөрсөтүү тармагынын кызматкерлери жана башка медиа ишканалар менен чыгармачылык кызматташтык тармагын түзүүгө жана өнүктүрүүгө жөндөмдүү;
**Маалыматтык-аналитикалык ишмердүүлүк:**
КК-8.Татаал форматта жана жанрда медиа-контентти даярдоо үчүн зарыл болгон ар кандай булактардан маалыматтарды топтоого, анализдөөгө; медиадолбоорду түзүүгө жана моделдөө үчүн аналитикалык негиздемелерди иштеп чыгууга; ар кандай чөйрөлөрүнүн өкүлдөрү жана адистер менен баарлашууга; статистикалык, коомдук пикирди сурамжылоочу жана расмий маалыматтар менен иштөөгө жөндөмдүү;

КК-9.Системалык мамиленин негизинде көйгөйлүү кырдаалдарга сын талдоо жүргүзүүгө, иш-аракеттердин стратегиясын иштеп чыгууга, МКК чөйрөсүндө аналитика, медиа мониторинг, геосаясаттын негизги түшүнүктөрү жана категориялары, анын заманбап концепциялары боюнчатиешелүү маселелерди чагылдууда базалык көндүмдөрдү колдонууга жөндөмдүү.
КК-10.Улуттук жана эл аралык медиа системалардын, алардын институционалдык, экономикалык, социалдык, маданий, тарыхый контексттерине ылайык функционалдык механизмдерин эске алуу менен медиа тексттерди жана медиа продуктуларды даярдоо процессинде маданияттардын ар түрдүүлүгүн талдап, баалай билет;
**Долбоорлук-аналитикалык ишмердүүлүк:**
КК-11. Коомдук муктаждыктарды, аудиториянын кызыкчылыктарын эске алуу менен келип чыккан көйгөйлөрдү талдоодо заманбап медиадолбоорду түзүү ыкмаларын, моделдөө принциптерин жана да социалдык жоопкерчилик принциптерин эске алуу менен медиа-долбоорду иштеп чыгууга, жайылтууга жана ишке ашырууга жөндөмдүү;
КК-12. Медиапродуктуларын өндүрүү, байланыш ишмердигин бекемдөө боюнча долбоорлорду ишке ашыруу этабында медиатармагында жана медиа индустриясында чоң көлөмдөгү маалыматтарга көз салууга; ошондой эле долбоорду ишке ашыруудагы группа менен иштөө мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоого, масштабдуу медиа долдоорлорду даярдоодогу түрдүү редакциялык иштерди аткарууга жөндөмдүү;
**Уюштуруу-башкаруучулук ишмердүүлүгү:**
КК-13. Социалдык, экономикалык, саясий факторлорду эске алуу менен стратегиялык максаттарга жетүү үчүн медиа ишканалардын ишин уюштурууга жана башкарууга; күтүүсүз кырдаалда чечимдерди кабыл алууга жана медиа экономиканын, медиа менеджментин негизине таянып, ЖМКны башкаруу ыкмаларын натыйжалуу жолго коюууга жөндөмдүү;
КК-14. Медиа-бизнести анализдөө ыкмасын колдонуп, жашоо циклинин бардык этаптарында медиа-долбоорду башкарууга; процесстерди жана натыйжаларды пландаштырууга, уюштурууга, координациялоого, башкарууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого жөндөмдүү;

КК-15. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өнүгүү стратегиясын, медиа долбоорлорду эске алуу менен учурдагы жана стратегиялык пландарды түзүп, ишке ашырууга, эксперттик, профессионалдык топтордун ишин уюштурууга; кесипкөй дискуссияларды, коммуникациялык кампанияларды жана иш-чараларды уюштурууга, биргелешкен медианын жыйынтыктарын көрсөтүүгө жөндөмдүү;

**Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү:**

КК-16. Медиа изилдөө үчүн актуалдуу көйгөйлөрдү аныктоого жана негиздөөгө, илимий таанып-билүүгө негизделген методологияны, ыкмаларды, программаларды иштеп чыгууга, келип чыккан көйгөйлөрдү талдап, натыйжаларын көрсөтүүгө жөндөмдүү;

КК-17. Медиа индустриясындагы инновациялык ишмердүүлүк боюнча оригиналдуу идеяларды, сунуштарды иштеп чыгуу үчүн илимий медиа-изилдөө иштерин жүргүзүүгө; адистештирилген жана интеграцияланган кесиптик теориялык жана практикалык билимди илимий-изилдөө иш-аракеттеринде колдонууга; ата мекендик жана чет элдик тажрыйбаларга таянып илимий-изилдөө ишинин бардык керектүү этаптарын аткарууга жөндөмдүү;

**Педагогикалык ишмердүүлүк:**

КК-18. Педагогиканын заманбап концепциясы жөнүндө билимин, билим берүү жана санариптик технологияларды колдонуу көндүмдөрүн, журналистика боюнча сабактарды окутуунун ыкмаларын көрсөтүүгө жөндөмдүү;

КК-19. Окутуу жана медиа билим берүү чөйрөсүнө байланыштуу ар кандай формада сабактарды өтүүгө, МББСны, НББПларын, окуу материалдарын иштеп чыгууга, өзүнүн окутуучулук квалификациясын жогорулатууга жөндөмдүү;

КК-20. Студенттерди жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кесиптик жана адеп-ахлактык сапаттарды жана мамилелерди калыптандырууга жөндөмдүү.

Магистрди даярдоо боюнча билим берүү программасын иштеп чыгууда, бардык универсалдык компетенциялар, ошондой эле ушул программага багытталган кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрүнө байланыштуу кесиптик компетенттүүлүктөр программанын талап кылынган окутуунун натыйжаларынын жыйындысына кирет. Окутуу процессинде студент өзүнүн белгилүү бир профилине байланыштуу башка (атайын кесиптик) компетенттүүлүктөргө ээ боло алат.

Профиль 5 аталыштан ашпаган кошумча атайын кесиптик компетенттүүлүк менен аныкталат жана ЖОЖ тарабынан өз алдынча аныкталат. Профилдердин тизмеси УМО тарабынан бекитилет.

Кошумча компетенциялардын тизмеги улуттук квалификациянын алкагынын, квалификациянын жана кесиптик стандарттардын (эгер болсо) тармактык/сектордук алкактарынын негизинде аныкталат.

5.2. Магистрлерди даярдоонун НББПнын түзүмүнө талаптар.

Магистрлерди даярдоонун НББПнын түзүмү төмөнкүдөй блокторду камтыйт:

1-блок «Дисциплиналар (модулдар)»;

2-блок «Практика»;

3-блок «Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация».

| Бакалаврларды даярдоодогу НББПнын түзүмү | | Магистрлерди даярдоодогу НББПнын жана анын блокторунун кредиттердеги көлөмү |
|---|---|---|
| 1-блок Дисциплиналар (модулдар) | I. Жалпы илимий цикл<br>II. Кесиптик цикл<br>Бардыгы | 20-30<br>40-60<br>60-90 |
| 2-блок | Практика | 20-40 |
| 3-блок | Жыйынтыктоочу аттестация | 10-20 |

| Магистрлерди даярдоодогу ЖКББ НББПнын көлөмү | 120 |
|---|---|

ЖОЖ мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык бакалаврды даярдоодогу НББПны иштеп чыгат жана улуттук квалификациянын алкактарына ылайык окутуунун натыйжаларына жетүүгө жоопкерчилик тартат.

Дисциплиналардын (модулдардын) топтомун жана алардын магистрлерди даярдоодогу НББПнын ар бир блогуна тиешелүү эмгек сыйымдуулугун ЖОЖ улуттук квалификациянын алкактарында каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүнталаптарын эске алуу менен ушул блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктайт.

5.2.1.«Практика» 2-блогу окуу практикасын (таанышуучу, технологиялык, илимий-изилдөө, педагогикалык, илимий-изилдөө иштери) жана өндүрүш практикасын (долбоордук, эксплуатациялык, педагогикалык, илимий-изилдөө иштери) камтыйт.

ЖОЖ бир же бир нече типтеги практиканы тандоого укуктуу, ошондой эле белгиленген кредиттердин чегинде кошумча типтеги практиканы белгилей алат.

5.2.2. «Мамлекеттик аттестация» 3-блогу мамлекеттик экзаменди тапшырууга даярдыкты жана тапшырууну, бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткарууну жана аны жактоону (эгерде ЖОЖ бүтүрүүчү квалификациялык ишти жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына киргизген учурда) камтыйт.

5.2.3. Магистрлерди даярдоодогу НББПнын алкагында милдеттүү жана элективдүү бөлүк болот.

Магистрлерди даярдоодогу НББПнын алкагында милдеттүү бөлүгүнө жалпы илимий, универсалдуу, социалдык-инсандык жана жалпы маданий жана кесиптик компетенциялардын калыптанышын камсыз кылуучу дисциплиналар жана практикалар кирет.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда милдеттүү бөлүктүн көлөмү магистрлерди даярдоодогу НББПнын жалпы көлөмүнүн 50%нан ашпоого тийиш.

Магистрлерди даярдоодогу НББПнын элективдүү бөлүгүндө студенттер тиешелүү багыт боюнча дисциплиналарды тандай алышат, ошондой эле башка багыттагы магистрлерди даярдоодогу НББПнын дисциплиналарын тандоого жол берилет.

5.2.4. ЖОЖ ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) магистрлерди даярдоодогу НББП боюнча окууга мүмкүнчүлүк берүүгө тийиш, анда алардын психофизикалык өнүгүүсүнүнөзгөчөлүгү, жеке мүмкүнчүлүктөрү эске алынат жана зарыл болгон учурда аталган адамдардын өнүгүүсүнүн бузулушун түзөтүүнү жана социалдык көнүгүүсүн камсыз кылат.

**5.3. Бакалаврларды даярдоодо НББПга коюлганталаптар.**

**5.3.1. Окуу процессинде кадр менен камсыз кылуу**.

Магистрлерди даярдоонун негизги билим берүү программасын ишке ашыруу квалификациялуу педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек, мында илимдин кандидаты же доктору деген окумуштуулук даражасы бар окутуучулар берген сабактардын, окуган лекциялардын үлүшү кеминде жалпы сабактардын санынын 60 пайызын түзүшү керек.

Магистрдик программанын илимий мазмуна жана окутуучулук бөлүгүнө жетекчилик кылуу үчүн профессорлор, же илимдин доктору; бир профессор же илимдин доктор мындай жетекчиликти экиден ашык эмес магистрдик программаны; ЖОЖдун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен магистрдик программаны доценттик наамы бар илимдин кандитаты жетектей алат.

Студент-магистрлерге жетекчилик түздөн-түз илимий жетекчиси тарабынан ишке ашат, илимий жетекчи – илимий даражасы жана (же) илимий наамы же тиешелүү тармак боюнча жетекчилик тажрыйбага ээ болгон окумуштуу болушу керек (аталган кесиптик чөйрөдө 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы болушу зарыл); бир илимий жетекчи 1-5ке

чейинки студент-магистранттарга жетекчи боло алат (ЖОЖдун Окумуштуулар кеңешинин тарабынан аныкталат).

5.3.2. Окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыз кылуу.

Магистрлерди даярдоочу НББПны ишке ашырууда ар бир студентке негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеси боюнча камтылганмаалымат базасына жана китепканалык фондго кирүүнү камсыз кылуу болуп эсептелет.

Студенттерге ата-мекендик жана чет элдик ЖОЖдор, ишканалар жана уюмдар менен оперативдүү маалымат алмашууга шарт түзүлүшү керек.

ЖОЖдун билим берүү программасы лабораторлук практикумдарды жана практикалык сабактарды (калыптанган компетенцияларды эске алуу менен аныкталат) өз ичине камтышы керек.

Электрондук басылмаларды колдонууда университет окутулган сабактардын көлөмүнө ылайык, ар бир магистрантка изилдөө жүргүзүү жана өз алдынча иш алып баруу үчүн компьютердик класста жумасына 10 сааттан кем эмес Интернет байланышы менен камсыз кылышы керек.

Бардык билим алуучулар үчүн китепканалык фонддон төмөндөгүдөй аталыштагы 4төн кем эмес ата-мекендик жана орусиялык илимий журнал тууралуу маалымат алууга шарт түзүлүшү керек: «Вестник КНУ», «Вестник БГУ», «Вестник КРСУ», «Вестник Московского университета. Серия «Журналистика», «Вестник Санкт-Петербургского университета», «Журналист», «Журналистика и медиарынок», «Новости СМИ», «Медиальманах»,ошондой эле чет элдик кесиптик-журналдар.

*Сунушталган маалыматтык ресурстар:*

| КМШ порталдары боюнча | Чет элдик порталдар: |
|---|---|
| Журнал "Журналистика и медиарынок" eLIBRARY.RU https://elibrary.ru/title_about.asp?id=54353 | Гильдии мезгилдүү басма сөзү – www.gipp.ru. |
| Илимий изилдөө жана методика боюнча «Медиаскоп» – www.mediascope.ru, Россия журналистер союзунун, кесиптик бирикмелердин базалык сайты: – www.ruj.ru**;** | |
| журналистике боюнча илимий журнал - Typeform https://d23b65f1302.typeform.com/to/QybjVL | |
| Открытая журналистика в Центральной Азии - OSCE www.osce.org/ru/fom/348531?download=true | |

Билим алуучулар үчүн ата мекендик жана чет элдик ЖОЖдор, ишканалар жана уюмдар менен оперативдүү маалымат алмашууга, заманбап кесиптик-маалыматтык базаларга, маалыматтык сурап билүү жанаGoogle, Jahoo, Altavista, Jandex, Ramblerиздөө системаларына, ошондой эле журналистика факультетинин ***медиатека***базасына кирүүгө шарт түзүлүшү керек.

5.3.3. Окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу

Магистрлерди даярдоодо НББПсын ишке ашырган ЖОЖдо, ЖОЖ санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана нормаларга туура келген, ЖОЖдун окуу планында каралган, студенттердин лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык даярдоо, практикалык жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн материалдык техникалык база менен жабдылышы зарыл.

1) аудиториялардын, лабораториялардын жана алардын жабдууларынын болушу үчүн:

- - практикалык жана лабораториялык сабактарды өткөрүү үчүн объекттер, окуу кабинеттери, компьютердик класстар заманбап компьютерлер, цифралык

технологиялар жана программалар, лекциялык курстарды өтүүдө материалдарды көрсөтүү иретинде атайын аудиовизуалдык каражаттар менен камсыздалышы керек;

- - студиялар, чыгармачыл, илимий изилдөө лабораториялары долбоорлук медиапродукцияларын даярдоо процессинде жана ММК редакциялары же башка уюмдар менен бирдиктүү долбоорлорду ишке ашырууда болочок журналисттердин практикалык көндүмдөрүн жатыктыруу үчүн зарыл техникалык базанын болушу үчүн шарт түзүлүшү керек;
- -маалыматтык жана телекоммуникациялык технологиялар учурдун талабына шайкеш интернет тарифтери жана техникалык каржаттар менен камсыздалышы керек;
- - графикалык дизайн жана басылмаларды версткалоочу лабораториясы, анимация, видеомонтаж, теле, радио, фотостудиясы жана чоң экрандан көрсөтүүгө мүмкүн болгон залдар, үн жазуучу студиясы мененкамсыздалышы зарыл;

2) башка имараттардын болушу:

• электрондук китепкана, Интернет байланыш болгон окуу залы;

3) ашкана жана медпункттун болушу.

Зарыл болгон учурда ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү студенттердин билим алышы үчүн атайын шарттар түзүлүшү керек;

Факультет зарыл болгон учурда лицензиясы бар (лицензияланган) программалардын комплекти менен камсыз болушу керек.

5.3.4. Бүтүрүүчүлөрдүн даярдык сапатын баалоо.

Негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо жетишүүнү текшерүү, студенттердин аттестациядан өткөрүлүшү жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өз ичине камтыйт.

5.3.4.1. Ар бир дисциплина боюнча билимди маал маалы менен жана аралык текшерүүнүн конкреттүү формалары жана процедуралары ЖОЖ тарабынан өз алдынча даярдалат жана окутуунун биринчи айында түшүндүрүлөт.

5.3.4.2. Студенттерди аттестациялоого туура келген НББПнын этаптык талаптарына персоналдык жетишүүлөрү үчүн (маал маалы менен жетишүүлөрүн текшерүү жана аралык аттестация) билимин, жөндөмүн жана компетенцияларды өздөштүрүү деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтик тапшырмаларды, текшерүү иштерин, текшерүү тесттерин жана ыкмаларын камтыган баалоо каражаттарынын фонду түзүлөт. Баалоо каражаттарынын фонду ЖОЖ тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Баалоо инструменттеринин каражаттары МББС ЖКББнын окутуунун ушул чөйрөсүндө толук чагылдырылышы жана НББПнын магистратуранын максаттарына, милдеттерине жана анын окуу планына дал келиши керек. Алар бүтүрүүчү алган жалпы маданий жана кесиптик компетенттүүлүктөрдүн сапатын баалоо үчүн иштелип чыккан.

Модулдарды, дисциплиналарды окуу, практика өтүү сапатын контролдоо үчүн баалоо инструменттерин иштеп чыгууда аларга киргизилген билимдин, шыктын жана жөндөмдүн ортосундагы байланыштын бардык түрлөрү эске алынышы керек, бул студенттерде калыптанган компетенциялардын – иштин түрү жана бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишке даярдыгынын жалпы деңгээли боюнча сапатын аныктоого мүмкүндүк берет.

Баалоо инструменттерин иштеп чыгууда студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн, алардын коюлган маселелерди чечүүгө даярдыгын – конкреттүү атайын билимдин жетишсиздиги жана кесиптик жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган алгоритминин жоктугу менен байланыштырып баалоо керек.

Жеке баалоодон тышкары, топтук жана өз ара баалоолорду колдонуш керек: студенттердин бири-биринин ишин карап чыгуусу; рефераттарга, долбоорлорго, илимий эмгектерге оппонент болуусу; студенттердин, окутуучулардын жана жумуш берүүчүлөрдүн курамынан турган группалардын өз ара сын-пикирлери.

5.3.4.3. ЖОЖ тарабынан магистрлердин компетенттүүлүгүн баалоо жана көзөмөлдөө системасы алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн талаптарына максималдуу жакындаштыруу шарттарды түзүшү керек. Бул үчүн белгилүү бир дисциплинанын окутуучуларынан тышкары, жумуш берүүчүлөр (кызыкдар уюмдардын өкүлдөрү) жана чектеш сабактарды окуган окутуучулар тышкы эксперт катары активдүү колдонулушу керек.

5.3.5. Белгиленген тартипте студенттерге жалпы билим берүү процессинин мазмунун, уюштурулушун жана сапатын, ошондой эле ар бир окутуучунун ишин баалоо мүмкүнчүлүгү берилиши керек. Баалоону өткөрүү үчүн методикалык материалдар белгиленген тартипте иштелип чыгат жана бекитилет.

5.3.6. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация МББС ЖКББ бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик даярдык деңгээлинин шайкештигин аныктоого багытталган.

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга магистрдик диссертациялык ишти коргоо жана мамлекеттик экзамендерди тапшыруу кирет. Мамлекеттик экзамен университеттин каалоосу боюнча киргизилет.

Магистратуранын жалпы билим берүү программасына ылайык жыйынтыктоочу квалификациялык иши – практикадан өтүү жана илимий изилдөө иштерин аткаруу мезгилиндеги магистрдик диссертация түрүндө даярдалат, магистр даярдап жаткан ишмердигинин түрүнө, коюлган милдеттерине карата (автордук, редакциялык, долбоордук-аналитикалык, маалыматтык-аналитикалык, уюштурууjана башкаруучулук; өндүрүштүк-технологиялык, педагогикалык, илимий изилдөө ишмердүүлүгү) өз алдынча жана логикалык жактан корутундуланган жыйынтыктоочу квалификациялык иш болуп саналат.

Жыйынтыктоочу квалификациялык иштердин темасы 3.8 пунктунда көрсөтүлгөн кесиптик милдеттерди чечүүгө багытталууга тийиш.

Жыйынтыктоочу квалификациялык ишти аткарууда студенттер терең билимге, калыптанган жалпы маданий жана кесиптик компетенттүүлүккө таянып, өзүнүн жөндөмүн жана чеберчилигин көрсөтүшү керек, кесиптик ишмердүүлүк милдеттерин заманбап талаптарга карата өз алдынча чечиши керек, тийиштүү маалыматтарды так ачыктоого, өзүнүн көз карашын төгүндөөгө жана коргоого тийиш.

**571100 «Телевидение»** багыты боюнча аталган Мамлекеттик билим берүү стандарты базалык ЖОЖ катары Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окуу-методикалык бирикмесинин тарабынан иштелип чыкты.

**Окуу-методикалык бирикмесинин төрагасы:**
**Темирбеков Б.К.** - Ж. Баласагын атындагы КУУнун биринчи проректору,
физ-м. и.д., профессору___ ______________________________

**Дүйшекеева А.Т**. **– секциянын жетекчиси,**
Ж. Баласагын атындагы КУУнун журналистика факультетинин деканы,
фил.и. к., доцент ______________________________

**Окуу-методикалык бирикмесинин мүчөлөрү:**
**Асанова А. А. -** К. Карасаев атындагы БГУнун журналистика жана маалымат системалары факультетинин деканы, фил.и. к., доцент ______________________________

**Халилов А.Д**. - Ж. Баласагын атындагы КУУнун журналистика факультетинин басма сөз кафедрасынын доценти ______________________________

**Егимбаева С.К. -** Э. Ибраев атындагы Эл аралык Кувейт университетинин журналистика жана коомчулук менен байланыш кафедрасынын башчысы, ф. и. к., доцент ________________________________

**Таабалдиев К. А.** – "Кабар" улуттук маалымат агенттигинин директору, физ-м.и.к., доцент ________________________________

**Турдубаева Э.О.** – Орто Азиядагы Америка университетинин профессору (PhD)
________________________________

**Тилекеева Н. А.** - Ж.Баласагын атындагы КУУнун журналистика факультетинин телерадио-журналистика кафедрасынын ага окутуучусу
________________________________